**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар Кеңешининотурумунун**

# №8 ПРОТОКОЛУ

**2022-жылдын 30-апрели** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** Үсөн уулу М.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О., Алымбекова В., Абдыкаарова Т., Каримов К.ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер
2. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорду уюштурууну өнүктүрүү боюнча маселелер
3. Бакалавр жана магистратура программаларынын ОПдагы ЖОЖ компонент жана элективдүү курстарды тандоонун жүрүшү жана жыйынтыгы
4. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Мусабекова Ж., Төрөгелди кызы Азиза себептүү келбегендиктерин айтып,Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1.**Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т. Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер боюнча баяндама жасады. Негизинен карап келсек азыркы учурда Негизги Кытай тили, Экинчи чет тили ж.б.у.с.негизги дисципланалардан окуу курал каражаттары жетиштү болуп эсептелинет. Ал эми Тарыхка, Маданиятка, Этнография же болбосо Географиялык абалдарына тиешелүү, гуманитардык сабактарданокуу куралдар жетишсиз болуп эсептелинет .

Ошондой эле окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы бул окутуучу тараптан жасалган силлабус,ОМК ал эми окутуучу тараптан чыгарылган дисциплинаны окутууга көмөк көрсөтүчү методикалык каражаттар толук түрдө чыгарылышы шарт. Ар бир окутуучу өзүнүн предметинен студенттерге окутууга көмөк көрсөтүчү методикалык каражаттар жасалса жакшы бир жыйынтык болорун эскертти. Баяндаманын аягында Кытай тили , Англис тилинен жана башка гуманитардык сабактардан окутуучуларга окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы милдеттендирилди.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**2. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорду уюштурууну өнүктүрүү боюнча маселелер**

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу Шеранова Н. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорду уюштурууну өнүктүрүү боюнча маселелер тармагындагы темага баяндама жасады. Баяндамада факультеттин ичинде "Новый век" аттуу студенттик илимий ийрим ачылып ага тиешелүү документтер даярдалып, кол коюлуп ОшМУ тарабынан бекитилди. Илимий ийримдин мүчөлөрү болуп 1-курстан 3-курска чейинки студенттер арасынан 23-студент катталган. Илимий ийрим жетекчиси болуп: "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т.М., Илимий жетекчилер: Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Үсөн уулу Маматаир., "Кытай тилижана кытай таануу"кафедрасынын башчысы Абдыкулов М.О., Магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Алымбекова В.А., "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу Төрөкелди кызы Азиза жана Акылбек уулу Эрлан дайындалган.

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу Акылбек уулу Эрлан жаш окумуштуулар кеңешинин жетекчиси., КК(б)-1-20 тайпасынын студенти Пазылов Бостон илимий студенттик коомдук жетекчи., КК(б)-1-19 тайпасынын студенти Абдиллаева Жаңылай кружоктун старостасы болуп дайындалган. Ал эми илимий ийримдин эң алгачкы отуруму Май айынын аягында өткөрүлөт, ал отурумда дагы бир эки тармактагы жетекчилер кабыл алынат.

***Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин төрагасы* Т.К. Айтикеев**Окумуштуулар кеңешинин курамына "Новый век" атту студенттик илимий ийримдин иштерин алып барууну сунуштоо маселесин талкууга койду.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т.М.,**"Новый век" атту студенттик илимий ийрим жогорку деңгээлде жөнгө салып, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын кызыгуусун артырып жана такшалтыруу зарылдыгын айтып өттү. ОшМУнун же болбосо Республиканын ичиндеги университеттер аралык конференциялар эле эмес, эл аралык деңгелдеги илимий конференцияларга катышуусуна студенттерге шарттарды түзүп берүүнү сунуштады.

Андан соңокумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунушту аткаруунудобушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү баяндаманыканааттандырарлык деп табып, айтылган сунушту бир добуш менен колдошту.

**3. Бакалавр жана магистратура программаларынын ОПдагы ЖОЖ компонент жана элективдүү курстарды тандоонун жүрүшү жана жыйынтыгы**

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Үсөн уулу Маматаир Бакалавр жана магистратура программаларынын ОПдагы ЖОЖ компонент жана элективдүү курстарды тандоонун жүрүшү жана жыйынтыгы жөнүндө баяндама жасады. Кыргыз-Кытай факультетинин"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасында "Кытай таануу" "Лингвистика" жана "Филология" болуп үч адистик бар. Окуу пландагы ЖОЖ компонент тандоо курстары жана элективдүү курстарды тандоонун жүрүшүнүн жыйынтыгын кафедранын отурумнда карылып бетилгендигин айтып өттү. Ошондой окуу планда канча ЖОЖ компонент канча тандоо курстары жана кайсыл окуу семестринде экендиги айтылып кафедранын отурумунда бекитилгендиги туралуу толуктап кетти.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**Ар түрдүү маселелер:**

1. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу, факультеттин практика боюнча жооптуусу Пазылов Т.С. 2021-2022 окуу жылында ачылган “Филология” адистигидегине байланыштуу факультет тарабынан уюштурулган, стейкхолдерлер менен иш алып баруунун жана келечектеги бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы, студенттердин кесиптик компетенцияларын өндүрүш аркылуу калыптандыруу маселелерин карап чыгуу, жумуш берүүчүлөрдүн ой-пикирин угуу жөнүндө өткөрүлгөн иш чара боюнча кыскача маалымат берди. Иш чарага ККФнын деканынын окуу иштери боюнча орун басары Үсөн уулу М, Кафедра башчы Абдыкулов М.О., улук окутуучу Алымбекова В., окутуучу Шеранова Н. жана ОшМУнун Кара-Суу, Ноокат, Кара-Кулжа райондорундагы мектептеринин директорлору Кубанычбек уулу Нурсултан, Сүйүнбаева Мадина., Камарова Айнура ж.б окутуучулар катышкандыгын айтты. Иш чарада потенциалдуу жумуш берүүчүлөр менен келишим түзүү, байланышты чыңдоо, “Филология” адистигинин студенттеринин окуу, окуу өндүрүштүк жана профилдик практикага чыгуудагы негизги маселелер, студенттердин практика базаларын кеңейтүү, келечектеги бүтүрүүчүлөр менен иш алып баруунун абалы, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу, адистиги боюнча жумушка орношуу , ж.б.у.с. ар түрдүү маселелер боюнча түрдүү сунуштарын айтышкандыгын белгиледи.

Мында айтылган сунуштар Окумуштуулар кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштарды эске алууну добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуштар эске алынсын деп бекитилди.

2. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев ар бир окутуучу журналдарды толгу менен өз убагында толтурууну жана сабактар үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүн эскертти.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*
**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Ар бир дисциплиналардан окутуучулар окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы милдеттендирилсин.
2. Факультеттеги илимий ийримдерди жана илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу өнүктүрүүсүн жана айтылган сунуштар факультет тараптан аткарылсын.
3. “Новый век” аттуу студенттик илимий ийримге тиешелүү документтер даярдалып, иш планы түзүлүп бекитилсин.
4. Бакалавр жана магистратура программаларынын ОПдагы ЖОЖ компонент жана элективдүү курстарды тандоо кафедралык отурумда бекитилсин.
5. Стейкхолдерлер менен иш алып барууда айтылган сунуштар эске алынсын.

6. Окутуучу журналдарды толгу менен өз убагында толтурушсун жана сабактар үзгүлтүккө учурабай өтүлсүн, ал деканат тарабынан көзөмөлдөнсүн.

Кыргыз-Кытай факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев

Кыргыз-Кытай факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова